# Эмгек келишими

Ислам Касмалиев тындагы жалпы орто билим берүү мектеби — 02.09.2020-жыл

Мындан ары кызмат берүүчү биринчи тарап Ислам Касмалиев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин деректору Букуев Асхат Куванычкович жана экинчи тарап: Молдобаев Рашияр Ишенович

Төмөндөгүдөй эмгек келишимин түзөт:

Эмгек келишими 02-сентябрдан 31-август 2021-жылга чейин убактылуу түзүлөт.

**2.Биричи тараптын милдеттери:**

2.1 Жалпы билим берүүчү уюму техникалык тейлөө кызматкерине эмгек шарттарын түзүп берет.

2.2 Жалпы билим берүүчү уюмунун администрациясы Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде каралган баардык шарттарды сактоого кепилдик берет.

2.3 билим берүү уюму тейлөө кызматкерине эмгек маянасын өз убагында берүүгө кепилдик берет.

2.4 1-2-3-топтогу инвалид тейлөө кызматкерлери өз ыктыяры менен иштейт жана ден соолугуна администрация жооп бербейт.

**Экинчи тараптын кызматтык милдеттери:**

3.1 Суткалык режимде иштеген тейлөө кызматкерлери КР. Эмгек кодексинде каралган нормалар менен иш алып барууга милдеттүү.

3.2 Бардык тейлөө кызматкерлери мектептин материалдык баалуулуктарын сактоого милдетүү.

3.4. Ар бир кызматкер техникалык коопсуздук эрежелерин сактоого милдеттүү.

3.5 Кызматка спирт ичимдиктерин ичип келүүгө жана кызмат учурунда колдонууга тыюу салынат.

3.6 Дежурство бүткөнгө чейин жумуш ордун таштап кетүүгө тыюу салынат.

Иш берүүчү Ислам Касмалиев атындагы мектептин директору: А.К.Букуев

Кызмат улуучу

Келишим менен тааныштым — 02.09.2020 ж

# ЭМГЕК КЕЛИШИМ

Мин-Булак айылы» 1-сентябрь 2020-жыл. И.Касмалиев жалпы орто билим берүү мектеби

**КЫЗМАТ БЕРҮҮЧҮ БИРИНЧИ**

**ТАРАП:** И.Касмалиев атындагы Миң-Булак жалпы орто билим берүү мектеби

Мектептин деректири: Букуев Асхат Кувандыкович

**КЕЛИШИМ ТҮЗҮҮЧҮ ЭКИНЧИ ТАРАП:**

Турсунова Светлана Колбаевна

Төмөндөгүдөй эмгек келишимин түзөт.

## I. КЕЛИШИМДИН НЕГИЗИ

1. Азыркы тапта География мугалими

Мектепте мугалим кызматты ээлейт.

2. Кызматкерге эмгек келишимдин негизинде 1 жылдык мөөнөттөгү сыноо убактысы белгиленет.

## II. ЭКИНЧИ ТАРАПТЫН КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИ:

1. Райондук билим берүү бөлүмү жана администрация тарабынан түшкөн буйруктарды иш- чараларды так жана мөөнөтүндө кандай мезгилде болсо да аткаруу.

2. Мектептин окутуутарбиялоо процессинин бардык багыттагы перспективдүү жана күнүмдүк ишин сапаттуу уюштурат.

2.3. Окуу пландарын жана билим берүү программаларын аткарып, билим сапатын натыйжалуу жүргүзөт

2.4. Өз билимин жогорулатуу үчүн курстарга, семинарларга аттестациядан өтүүгө,чеберчилигин өркүндөтүүгө өз мезгилинде катышат

2.5. Окуучулардын,педагогикалык жамааттын кызыкчылыктарын сактайт, укуктарын коргойт.

2.6. Мектептин жана класс кабинеттердин материалдык базасын чыңдоого көмөктөшөт. Демөөрчүлөрдү же тыштан келүүчү булактарды издөөгө салымын кошот.

2.7. Окуучулардан акча чогултууга,кандайдыр бир чыгашага дуушар болуучу кечелерди өткөрүүгө, иш-чаралар үчүн кысымга алуу каражат чогултууга катуу тыюу салынганы эске алат.

2.8. Мектептин ички тартибин, санитардык гигиенасынын түзүлүшүн, техникалык коопсуздугун, өрткө каршы сактануунун эрежелерин түшүндүрөт жана көзөмөлдөйт.

2.9. Коомчулук жана ата-энелер менен тыгыз байланышта окуу -тарбия ишин жүргүзөт.

2.10. Мектептегидокументацияны жана иш-кагаздарды туура учурунда жүргүзөт.

2.11. Өз ара сабакка катышуу менен дайыма тажрыйба алмашат.

2.12. Мектептин территорияларында алкоголдук ичимдик колдонуу жана тамеки тартуу же ичип келүү фактысы болсо кызматтан четтетилет.

2.13.Сабакты себепсиз калтыруу, кечигип келүү, планы жок сабак өтүү фактысы болсо акт аркылуу эскертүү берилип кызматтан четтетилет.

2.14.Расписаниядан тышкары усулдук күнүиштөөгө,даярдануучу саатында жана класстан тышкаркы саатта мектепте өз алдынча иштөөгө жана окуучулар менен иш жүргүзүлөт

## III БИРИНЧИ ТАРАПТЫН МИЛДЕТИ:

1. Иш берүүчү биринчи тарап демалыш,майрам же иш графигинен тышкаркы иштин кызыкчы лыгы үчүн кошумча ишке тартууга акылуу.

2. Кызмат алуучу тарабынан эмгек тартибин бузу болсо мыйзамдуу турдо КРэмгек кодексине ылайык тартип чараларын колдонот.

3. Кызматчылардын функциялык милдеттерин жана дежурный мугалимдердин милдеттерин аткаруусун көзөмөлдөйт.

4. Тарификациянын,табельдин, кошумча төлөнүүчү акылардын туура бөлүнүшүн көзөмөлдөйт.

2023/03/07 15:03